Токтом №4

29.03.2022. катышканы-32

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 3-чейректин жыйынтыгы

2. Усулдук бирикмелердин отчету

3. Ар түрдүү маселелер

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек сөзгө чыкты.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, сиздерге 3-чейректин билим сапаты менен тааныштырып өтөйүн. Биз 3-чейректи 705 окуучу менен баштап, 671 окуучу менен аяктадык. Анын ичинде 347си кыз, 324ү уул бала. Бул чейректе 51 окуучу алынып, 85 окуучу чыгарылды. Мектептин жалпы билим сапаты 42% ды түздү. Ар бир класстын билим сапаты төмөнкүдөй болду.

| № | классы | Окуучунун саны | Эң жакшы окуганы | пайызы | Жакшы окуганы | пайызы | орто окуганы | пайызы | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-кл. | 119 | | | | | | | |
| 2 | 2-а кл. | 22 | 6 окуучу | 27% | 6 окуучу | 27% | 10 | 46% | 54% |
| 3 | 2-б кл. | 29 | 7 окуучу | 24% | 9 окуучу | 31% | 13 | 45% | 55% |
| 4 | 2-в кл. | 32 | 3 окуучу | 9% | 16 окуучу | 50% | 13 | 41% | 59% |
| 5 | 2-г кл. | 31 | 3 окуучу | 10% | 9 окуучу | 29% | 19 | 61% | 39% |
| 6 | 2-д кл. | 24 | 2 окуучу | 8% | 11 окуучу | 46% | 11 | 46% | 54% |
| 1. | 3-а кл. | 22 | 2 окуучу | 9% | 7 окуучу | 32% | 13окуучу | 59% | 41% |
| 2. | 3-б кл. | 29 | 5 окуучу | 17% | 11окуучу | 38% | 13 | 45% | 55% |
| 3. | 3-в кл. | 27 | 2 окуучу | 7% | 6 окуучу | 22% | 19 | 71% | 29% |
| 4. | 3-г кл. | 26 | 1 окуучу | 4% | 12 окуучу | 46% | 13 | 50% | 50% |
| 5. | 3-д кл. | 31 | 6 окуучу | 19% | 11окуучу | 35% | 14 | 46% | 54% |
| 6. | 4-а кл. | 21 | 3 окуучу | 14% | 8 окуучу | 38% | 10 | 48% | 52% |
| 7. | 4-б кл. | 37 | 4 окуучу | 10% | 15 окуучу | 40% | 18 | 50% | 50% |
| 8. | 2-4-кл. | 331 | 44 окуучу | 13% | 121окуучу | 36% | 166 | 50% | 45% |
| 9. | 5-а кл. | 22 | 1 окуучу | 4% | 6 окуучу | 28% | 15 | 68% | 32% |
| 10. | 5-б кл. | 36 | 3 окуучу | 8% | 6 окуучу | 17% | 27 | 75% | 25% |
| 11. | 6-а кл. | 23 | 2 окуучу | 9% | 3 окуучу | 13% | 18 | 78% | 22% |
| 12. | 6-б кл. | 24 | | | 12 окуучу | 50% | 12 | 50% | 50% |
| 13. | 6-в кл. | 24 | 1 окуучу | 4% | 5 окуучу | 21% | 18 | 75% | 25% |
| 14. | 7-а кл. | 20 | | | 4 окуучу | 20% | 16 | 80% | 20% |
| 15. | 7-б кл. | 32 | 5 окуучу | 16% | 8 окуучу | 22% | 19 | 62% | 38% |
| 16. | 8-а кл. | 15 | | | 7окуучу | 46% | 8 | 54% | 46% |
| 18. | 9-а кл. | 25 | 2окуучу | 8% | 6 окуучу | 24% | 17 | 68% | 32% |
| 19. | 5-9кл. | 221 | 14 окуучу | 6% | 57 окуучу | 32% | 150 | 68% | 32% |
| 20. | 2-9 кл. | 552 | 58 окуучу | 10% | 178окуучу | 33% | 316 | 78% | 42% |
| 21 | жалпы | 671 | 58 | 10% | 178окуучу | | 316 | 78% | 42% |

Өзүңүздөр уккандай 6-7-8-класстарда "эң жакшы" окуган болгон жок. Окуучулардын билим сапаты жогорку класстарга караганада башталгыч класстын көрсөткүчү жогорку экендиги байкалды.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, төмөкүлөргө токтолду.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, мына 3-чейректин отчетун өзүңүздөр уктуңуздар. Эмне себептен жогорку класстын билим сапаты төмөн? Усулдук бирикменин жетекчилери, ар бир предметтик мугалимдер шыктуу, өздөштүрүүсү начар окуучулар менен атайын жекече иш алып барууну күчөтүңүздөр.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. 1. 3-чейректин билим сапаты канааттандыраарлык деп табылсын.
   2. Предметтик мугалимдер шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен жекече иш алып барылсын.
   3. Аны көзөмөлдөө жагы усулдук бирикме жетекчилерине жүктөлсүн.

Башталгыч кыргыз класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Разакова Зыба эжеке сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде февраль айында 2-3-4-класстардын математика сабагына текшерүү жүргүзүлдү. Математика сабагынан текшерүү иши алынып, жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| Классы | Окуучунун саны | катышканы | "5" | "4" | "3" | "2" | Билим сапаты | мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-а класс | 22 | 19 | 5 | 8 | 3 | 3 | | Султанова М. |
| 3-а класс | 22 | 20 | 4 | 8 | 6 | 2 | | |
| 4-а класс | 19 | 19 | 9 | 4 | 5 | 1 | | Муллаянова З. |

.

Ал эми кыргыз тили сабагынан жат жазуу иши алынды. Анын жыйынтыгы

төмөнкүчө:

| классы | Окуучунун саны | катышканы | "5" | "4" | "3" | "2" | Билим сапаты | мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-а класс | 22 | 18 | 1 | 6 | 8 | 3 | | Султанова М. |
| 3-а класс | 22 | 20 | 5 | 8 | 4 | 3 | | Разакова З. |
| 4-а класс | 19 | 18 | 10 | 3 | 5 | 0 | | Муллаянова З. |

Ал эми 1-а класстын окутуучусу Карабаева Раанагүл эжеке алиппе сабагынан ачык сабак өтүп берди. Сабак көрсөтмөлүү болуп,балдар кызыгуу менен катышты. Жомокту ролдоштуруп аткарышып, сабак максатына жетти.

Ошонодой эле 2-а класстын жетекчиси Султанова Мээринса эжеке да адабий окуу сабагынан "Жолдо жүрсөң сак бол!"деген темада ачык сабак өттү.Сабак көрсөтмөлүү болуп,сабакка балдар активдүү катышышты. Сабакта балдар топторго бөлүнүп,ролдорду жакшы аткарышты.Адабий окуу китебин көркөм окушту,ырларды айтып беришти. Сабака максатына жетти.

Анан да март айында окуу китептерин текшерүү иштери жүргүзүлдү.Окуу китептеринин абалы начар,таза сакталган эмес. 4-класстын класс жетекчиси Муллаянова З. эжеке мекн таануу предметинен "Дүйнөлүк мухиттер"деген темада ачык сабак өттү.Окуучулардын сабакка болго кызыгуусу эң жакшы.Сабакка бардык окуучулар активдүү катышышты. Мугалимдинокуучуларга болгонмамилеси эң жакшы.Мугалим сабакты жаңы усулдар менен өтүп,топтор менеништеди.Сабак максатына жетти.

Ошондой эле 1-2-3-4-класстардын айлампа дептерлери текшерилди. 1-а класс – жетекчиси -Карабаева Ранагүл,жазуу,математика дептерлери уюштурулган,абалы жакшы. Мугалим өз убагында текшерип, бааларын коюп турат. 2-а класс жетекчиси-Султанова Мээринса, кыргыыз тили,математика дептерлери уюштурулган.Дептерлери тышталган,таза сакталган. Өз убагында текшерилип баалары коюлган. Кара ручка менен баа койгон.

3-а класс жетекчиси- Разакова Зыба, кыргыз тили ,математика дептерлери уюштурулган. Дептерлеринин абалы жакшы,өз убагында текшерилип,бааланып турат.

Башталгыч орус класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Шишманова Назиле сөзгө чыкты.

Угулду:

Анализ административных работ по чтению в 2-3-4классах,
оосш №13 им. И. Абдрахманова за 2021-22уч.год

РЕЗУЛЬТАТЫ за 3четверть

ТЕХНИКИ ЧТЕНИЯ

| Класс | Всего уч-ся | Техника чтения | | | Качество знаний | Ф.И. учителя |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | В,н | Норма | Н.н | | |
| 2б | 29 | 11 | 10 | 3 | 77% | Исманова Б.Т. |
| 2в | 32 | 17 | 10 | 5 | 84% | Шишманова М.Р. |
| 2г | 31 | 6 | 6 | 19 | 38% | Идрисова М.А. |
| 2д | 24 | 13 | 4 | 7 | 71% | Исманова Б.Т. |

| Класс | Всего уч-ся | Техника чтения | | | Качество знаний | Ф.И. учителя |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | В,н | Норма | Н.н | | |
| 3б | 29 | 19 | 4 | 4 | 97% | Калыкова Ж.Т |
| 3в | 26 | 15 | 2 | 9 | 65% | Султанова Н.Р |
| 3г | 26 | 4 | 8 | 14 | 46% | Идрисова М.А |
| 3д | 31 | 11 | 19 | 12 | 96% | Женбекова Э.А |

| Класс | Всего уч-ся | Техника чтения | | | Качество знаний | Ф.И. учителя |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | В,н | Норма | Н.н | | |
| 4б | 37 | 7 | 2 | 28 | 24% | Замирбек кызы А. |

Анализ административных контрольных работ по русскому языку, математике и техники чтения в 1-х классах ООСШ №13 им. И. Абдрахманова за 2021-22 уч.год

**РЕЗУЛЬТАТЫ: за 3четверть**

| **класс** | **Всего уч-ся** | **писали** | **Качество знаний** | | | | **%** | **Ф.И. учителя** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | | |
| **1-б** | 32 | 27 | 6 | 8 | 10 | 3 | 52% | Шишманова Н. |
| **1-в** | 35 | 28 | 1 | 7 | 9 | 11 | 29% | Калыкова Ж. |
| **1-г** | 32 | 31 | 1 | 3 | 15 | 12 | 13% | Жарматова С. |

**РУССКИЙ ЯЗЫК**

**ТИПИЧНЫЕ ОШИБКИ:**

1. Заглавная буква в начале предложения—37 уч.
2. Большая буква в И.Ф.О. людей и в кличках животных—28 уч.
3. Пропуск, замена букв -30 уч
4. Правописание жи-ши, ча-ща, чу-щу.–23 уч.

## МАТЕМАТИКА

| класс | Всего уч-ся | писали | Качество знаний | | | | % | Ф.И учителя |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | | |
| **1-б** | 32 | 28 | 10 | 12 | 6 | 0 | 79% | Шишманова Н. |
| **1-в** | 35 | 23 | 2 | 9 | 3 | 9 | 48% | Калыкова Ж. |
| **1-г** | 32 | 23 | 9 | 5 | 4 | 5 | 61% | Жарматова С. |

## ТИПИЧНЫЕ ОШИБКИ:

1. Решение задач - 45 уч.
2. Решение примеров -30 уч.
3. Сравнение чисел -13 уч.

## ТЕХНИКА ЧТЕНИЯ

| Класс | Всего уч-ся | Техника чтения | | | Качество знаний | Ф.И учителя |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | В.н | Норма | Н.н | | |
| **1-б** | 32 | 12 | 6 | 14 | 56% | Шишманова Н. |
| **1-в** | 35 | 5 | 12 | 18 | 49% | Калыкова Ж. |
| **1-г** | 32 | 3 | 3 | 26 | 19% | Жарматова С. |

Учителя русских начальных классов в составе 9 учителей. За 3четверть выполнили ряд мероприятий. Наша школа в январе приняла и провела «Городской семинар по методическим объединением»

В феврале и в марте провели торжественные кл.часы посвященные ко дню защитников отечество и женскому дню 8 марта.

10 марта провели открытые уроки по математике окуукеремет

1в класс Калыкова Ж. тема : «Закрепления»

2б класс Исманова Б. тема: «Квадрат»

2г класс Идрисова М. тема: «Закрепления»

3в класс Султанова М. тема: «Проверка деления с остатком»

3д класс Женбекова Э. тема: «Сравнение трехзначных чисел»

Результаты уроков были удовлетворительными

В марте группа учителей нач.кл. провели городские субботники

По проверки знаний за 3 четверть рук. м.о. проверила по русскому яз, математике и чтению в 1х классах и техника чтения в 2,3,4 классах

Самые хорошие показатели были в 3б-97% кл. Калыкова Ж, 2в-84% кл. Шишманова М.

В 1х классах писали диктанты по русскому языку с результатами:

1б-52%, 1в-29%, 1г-13%

По математике выполняли тесты

1б-79%, 1в-48%, 1г-61%

По чтению- результаты

1б-56%, 1в-49%, 1г-19%

Были подведены итоги 3 четверти на заседание М.О. предложены ряд методических приемов и видов обучения по улучшению качество знаний в начальных класс.

Кыргыз тили жана адабияты усулдуқ бирикмесинин жетекчиси Жумаева Асылкан сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде январь айында адабият сабагынын окутулушу текшерилди.Текшерүү учурунда эки мугалимдин сабагына катыштым. Кыпчакова Аширкан билими-жогорку,стажы-12жыл, кыргыз адабияты 7-а класс,21 окуучу.Катышканы-19окуучу Сабактын темасы: Ж.Садыков" Манастын уулу Семетей"драмасы. Сабакты сахналаштырып өттү.Окуучулар сабакка кызыгуу менен катышышты.Эжекенин күндөлүк планы бар,календардык план менен дал келет.Сабак максатына жетти.

Маматисман кызы Айзирек билими-жогорку,стажы-1 жыл.6-а класс 23окуучу,катышканы-22окуучу 14-январь күнү А.Осмоновдун "Толубай сынчы" поэмасын өттү. Сабакка окуучулар өтө активдүү катышышты.Тажрыйбасы жок болсо да адабият предметин жакшы өздөштүргөн.

Ушул эле айда 7-9-класстардан срез иши алынды. Анын жыйынтыгы төмөнкүчө болду.

7-а класс 21 окуучу, катышканы-14 окуучу билим сапаты – 49,9%,өздөштүрүүсү 77%

7-б класс 33окуучу, катышканы-26 окуучу, билим сапаты – 61,4%, өздөштүрүүсү 65,2%

8-а класс 15 окуучу, катышканы-14, билим сапаты-42,8%, өздөштүрүүсү 28,57%

Усулдук бирикменин планы боюнча февраль айында тарых мугалими Туманов Куштар агай бир жумалык план менен тарых жумалыгын өткөрдү. Жумалыктын биринчи күнүндө "Ата-бабалар баскан жол"деген темада доклад окуду. 22-февраль күнү "Тарыхый инсандар менен таанышуу"аттуу дубал газета сынагы жана ушул эле темада көргөзмө өткөрдү.24-февраль күнү 6-7-8-9-класстар менен акыл ордо оюнун уюштурду. 25-февралда жумалыкты жыйынтыктап, активдүү катышкан окуучуларды белгилеп өттү.

Ошондой эле 21-февралда бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү өткөрүлдү.Бул иш чарага 5-9-класстардын окуучулары катышты. Алгач кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчвкова Аширкан "Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун" деген темада доклад окуп берди. 5-класстын окуучулары тил жөнүндө ыр саптарын көркөм айтышты. 6-а класстын окуучулары обондуу ыр, кыргыз бийин аткарышты. Башка класстардан да көркөм окуу жана манастан үзүндү айтылды. Иш чараны өткөрүүнүн максаты балдарга эне тилин жоготпой сактоо жана коргоо ар бир жарандын милдети экендигин туюндуруу, ошондой эле бүгүнкү күндүн актуалдуу көйгөйү экендигин эскертүү.

Ал эми өз ара сабактарга катышуу боюнча 3-чейрек ичинде 3 ачык сабакка катыштым. 8-февралда 6-а класстын орус тилинен ачык сабагына катыштым. Мугалими: Мурзалиева Зарипа, стажы-6жыл, сабактын темасы: "Кого и что нарисовать". Сабак көрсөтмөлүү болуп, сабактын структурасы сакталды. Сабакка окуучулар активдүү катышышты. Сабак максатына жетти.

Ал эми 4-мартта Боркобаева Гулхан эжекенин 6-а класска математика предмети боюнча өткөн ачык сабагына катыштым. Сабактын темасы: "Сандын даражасы". Класстагы окуучунун саны-23, катышканы-22окуучу. Мугалим сабакты жаңы усулдар менен өттү, өзүнүн предметин жогорку деңгээлде билет. Сабак өтө кызыктуу болуп, балдар активдүү катышышты.

Ушул эле айдын 10у күнү Мурзакулова Айзиректин информатика сабагына катыштым. Эжеке 9-класска "Жарыктын басымы, жарыктын химиялык аракети" деген темада ачык сабак өттү. Сабак жагымдуу маанай менен башталып, структуралары туура сакталды. Эжеке сабакты жаңы усулдар менен өтүп берди. Окуучулар аябай кызыгуу менен катышышты.

Март айындагы 5-6-класстардын кыргыз тили жана тарых сабагын административдик текшерүү апрель айына калтырылды.

Гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси Каратаева Айпери төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Январь айында башталгыч класстардын айланма дептерлерин текшерүү болду. Мында англис тилинен 3-4-класстардын айланма дептерлерин текшерүүдө адмнистрация тарабынан бир катар көзөмол жургузулуп , кээ бирки окуучулардын үй тапшырмасы, сырткы дареги толук жазылбагандыгы байкалып, абалы начар болгон дептерлерди, окуучулкрга эскертүүлөр берилип жаңыдан дептерлерди ачышты.

Февраль айында орус тили жумалыгы болуп. Мурзалиева Зарипа жана Давляева Нуржамал эжекелер жумалыктын планын түзүп чыгып төмөнкүдөй тартипте өткөрүлдү.

31.01.22. Жумалыктын ачылышы «Жомоктор дуйносу» аттуу китеп коргозмосу 1-5-класстар арасында.

01.02.22. 6-7-8-9-класстар арасында «Билимдуулор» аттуу конкурс болуп окуучулар кызыгуу менен катышышты.

02.02.22. 5-9-класстар менен окурман балдардын конкурсу болуп отту.

03.02.22.жазуучу М.М.Пришвинанын жана каармандардын сүрөтүн тартуу конкурсу.

04.02.22. Жумалыкты жыйынтыктоо, конкурста женген окуучулар грамота,сыйлыктар уюштурулду.

8-февралда Мурзалиева Зарипа эжеке 6-а класс менен «Кого и что нарисовать» деген темада ачык сабак өтүп берди.Сабакта түстүү карточкалар, таблицалар колдонулуп, окуучулар топтордо иштешти. Мугалим менен окуучунун арасында кайтарым байланыш мыкты деңгээлде болду.

Ушул эле февраль айында англис тилинен жумалык болду.

21.02.22.Жумалыктын ачылышында кире беришке англис жазуучулары жана жаны сөздүктөр, буклеттер жасалгаланып. Сейитбек кызы Гульзина «Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөр» туурасында доклад даярдады.

22.02.22. 3-4-класстар арасында конкурс болуп мында окуучулар, кызыгуу менен англис тилиндеги тамгаларды, өлкөлөрдүн желектерин көркөмдөп жасап келишти.

24.02.22. 5-6-класстар арасында концерт өткөрүлүп ар бир класстан ондон окуучу чыгып англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөр тууралуу маалымат айтып, ыр, макал-лакап жана бийлерин көрсөтүштү.

25.02.22.7-8-9-класстар арасында кроссворд толтуруу, логикалык суроолор, мээ чабуулу уюштурулду.

01.03.22. Жумалыкты жыйынтыктоодо мыкты катышкан окуучуларга сыйлык грамоталар тапшырылды.

Англис тилинен Кочонова Гулбарчын эжеке 5-а класс менен «Houshold objects», «Үй буюмдары» деген темада кызыктуу сүрөттөр менен ачык сабак өтүп берди.

Март айында административдик текшерүү болуп англис тили сабагынан 9-а класстардан срез иши алынып, тест жазышты. 26 окуучудан катышканы-23 окуучу, «5» алганы 5 окуучу, «4» алганы 5 окуучу, «3» алганы 12 окуучу, «2» алганы 1 окуучу болуп билим сапаты 43%ды түздү.

Эстетикалык циклдар усулдук бирикмесинин жетекчиси Карабаева Раанагүл эжеке да өзүнүн аткарган иштери боюнча маалымат берди.

Угулду:

Февраль айында 23-февраль Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Жигитке 70 өнөр аздык кылат» деген темада 7а-7б-класстарынын арасында эстафеталык спорттук мелдеш өткөрүлдү. Анда «Ак шумкар», «Ак тулпар» командалары кызыктуу мелдештин ар бир номерине командасы үчүн жан күйгүзүп катышты. Калыстар тобу ар бир окуучунун аракетин анализдеп баалашты. Балдардын шамдагайлыгы, тактыгы эске алынып, жыйынтыгында 7а-класстын окуучулары жеңишке жетишти. Эки команда тең грамоталар менен сыйланды.

Аялдардын эл аралык күнүнө карата 7а-7б-8-9-класстын кыздарынын арасында «Кана эмесе кыздар» сынагы өткөрүлүп, анда аялдарды даңктаган ырлар көркөм айтылып, обондуу ырлар ырдалып, бийлерди бийлеп, энелерге өз колдору менен белек даярдап, түрдүү материалдардан авангарддык, улуттук стилдеги кийимдердин модасын көрсөтө алышты. Жыйынтыгында 9-класс биринчи, 8- класс экинчи, 7-класстар үчүнчү орунду ээлешип, грамоталар менен сыйланышты.

21-март Нооруз майрамына карата 16-март күнү Сармерден «Кыз-жигит» сынагы өткөрүлдү. Сынакка мектептеги таланттуу балдар катышып, көргөзмөлөр уюштурулуп, зал жасалгаланып, окуучуулар улуттук кийимдер менен саламдашып, кыргыз ырларын ырдап, бийлерин бийлеп, макалдарды, жаңылмачтарды айтышып,  сынак шаңдуу өттү. ЮТС теле каналынан тартышып, Баткен ТВ дан көрсөтүлдү. Бул ата-энелердин жана окуучулардын маанайлары абдан көтөрүлдү.

Табигый жана так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Токурова Наринса сөзгө чыкты.

Угулду:

Январь айында биология предметинен 6-7-8-9-класстардан срез иши алынды. Текшерүүнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| классы | Окуучунун саны | катышканы | "5"% | "4"/% | "3"/% | "2"/% | Билим сапаты | Өздөштүрүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6-а кл. | 23 | 21 | | 8/38% | 13/62% | | 38% | 100% |
| 6-б кл. | 24 | 23 | | 9/39% | 14/61% | | 39% | 100% |
| 6-в кл. | 25 | 23 | | 9/39% | 14/61% | | 39% | 100% |
| 7-а кл. | 20 | 18 | | 6/33% | 12/67% | | 33% | 100% |
| 7-б кл. | 31 | 31 | 2/6 % | 12/38% | 17/56% | | 44% | 100% |
| 8-кл. | 25 | 12 | | 5/41% | 7/59% | | 41% | 100% |
| 9-кл. | 26 | 23 | 1/% | 7/30% | 15/66% | | 34% | 100% |

Ал эми февраль айында "Илим жана техника" аттуу темада физика жана информатика предметинен бир жумалык иш план менен жумалык өткөрүлдү.

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Мөөнөтү | Аткаруучулар | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 10.02.22 | 6-7-8-9-класс | Мурзакулова |
| 2 | "Жарыктын басымы,жарыктын химиялык аракети" (ачык сабак) | 11.02.22 | 9-класс | Мурзакулова |
| 3 | "Илим жана техника" (викторина ) | 14.02.22 | 8-9-класс | Мурзакулова |
| 4 | Кроссворд толтуруу | 15.02.22 | 6-7-8-9-класс | Мурзакулова |
| 5 | Жыйынтык | 16.02.22 | 6-7-8-9-класс | Мурзакулова |

Жумалыкка окуучулар өтө кызыгуу менен катышышты. Викторинанын жана кроссворд оюнунун жеңүүчүлөрү мугалим тарабынан грамоталар менен сыйланды.

Жогорудагыларды угуп,талкуулап кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2. 1. Усулдук бирикмелердин отчету канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Усулдук бирикмелердин аткарган иштерин көзөмөлдөө жагы усулдук кеңештин төрайымы Сайпидинова Уринсага жүктөлсүн.

Үчүнчү маселе боюнча мектеп директору Эрматов А.К. төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, сиздерге Билим берүү министринен келген буйрукту Айзирек эжеке тааныштырып берет. 5 жыл үзгүлтүксүз иштеген мугалим күндөлүк план жазбай, чыгармачылык менен иштесе болот. Ал эми жаңы кирген, стажы 5 жыл боло элек мугалимдер план конспектти сөзсүз жазыш керек. Декретке чыгып, кайра ишке чыккандарга да план жазуу милдеттүү экени айтылды. Жаз да келди, президенттин жарлыгы менен уюштурулган "Бир окуучу-бир көчөт" аттуу акция жарыяланганын билесиздер. Ошого ар бир окуучу бирден көчөт алып келишсин. Мектептин айланасына гүлдөрдү отургузууну дагы уланта бериңиздер. Бизде дагы бир маселе организаторго, соцпедагогго жардамчы шайлашыбыз керек. Сиздер кимдерди сунуштайсыздар?

Жарыш сөзгө мектептин соцпедагогу Карабаева Раанагүл чыгып, буларды айтып өттү.

Угулду:

Мен өзүмө Эшмамбетова Машхураны, Көчөнова Гулбарчынды жардам берүүсүн айткым келет. Анткени Машхура экөөбүздүн предметибиз бир жана бир канча иштерди биргелешип жасап жатабыз. Анан Маматисман кызы Айзирекке Боркобаева Гулхан, Давляева Нуржамал эжекени сунуштайм. Себеби алар ыр-бийге шыктуу экенин билемин. Дагы бирөөнү да кошуп койсок болот.

Жарыш сөзгө мектеп директору Алмаз Кудайбердиевич чыгып, төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Угулду:

Анан дагы бир маселе ар бир документиңиздердин электрондук варианты болсун, себеби керектүү учурда чыгарып колдонууга да, аккредитацияга документ даярдаганда да керек болот. Дагы бир айта кетчү нерсе мектептин сайтын ачуубуз керек. Аны ачуу үчүн информатика мугалими жардамга келет. Интернетти жакшы билген мугалимдерди ишке тартууубуз керек. Сиздер кимди сунуштайсыздар?

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы чыгып, төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Угулду:

Мен информатика мугалими Орозбек к Нуриланы, Эшмамбетова Машхура эжекелерди сунуштайм. Анткени бул мугалимдер интернетти, компьютерде иштегенди

да билишет. Анан да биздин мектепте окуп бүткөн Мирбек деген баланы да сүйлөшүп көрөлү. Ал окуучу да ошондой иштерди жасап жүргөнүн угуп атабыз.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед кеңеш төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3.1. Мектептин айланасын жашылдандыруу иштери убагында өткөрүлсүн.

2. Аны көзөмөлдөө жагы профсоюз уюмунун төрайымына жүктөлсүн.

3. Мектептин сайтын ачуу маселеси Орозбек к Нурилага, Эшмамбетовага милдеттендирилсин.

4. Аны көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакуловага жүктөлсүн.

Мектептин директору: Эрматов А.К.

Катчы: Жумаева А.Ж.